КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЧҮЙ РАЙОНУ
ОНБИР-ЖЫЛГА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОНБИР-ЖЫЛГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 16-июну № 34 Шамшы а.**

**Прогресс айылынын Маргеис-Ата көчөсүндөгү өндүрүш базасынын жер тилкесин Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18- беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Онбир-Жылга Айылдык Кеңеши,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн аймагындагы Прогресс айылынын тургуну Клычпаев Жумабек Омуркуловичке 2003-жылдын 15-июлундагы №37-т токтомунун негизинде берилген, Прогресс айылынын Маргеис-Ата көчөсүндө жайгашкан эски өндүрүштүк базаны жеке менчик катарында колдонуп жүргөн 11544м$^2$ жер тилкесин ОсОО «Токтом плюс» жоопкерчилиги чектелген коомчулугу тарабынан баланстык баасы 20883096 (жыйырма миллион сегиз жүз сексен үч миң токсон алты) сом, жана АКШ доллары менен 238800 $ ( эки жүз отуз сегиз миң сегиз жүз ) долларды түзгөн гаражды өз каалоосу менен арызынын негизинде Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлүп берилсин.

2.Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция башкармалыгынан катоодон өткөрүлсүн

3.Ушул токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн башчысы - Н.А.Исаевге жүктөлсүн.

**Төрага Н.К.Анарбаев**